ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№03/25 протоколу

2025-ж. 30-октябрь Манас ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 11
Катышкандар: 10
Катышпагандар: 1 (себептүү)

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	ЖАЭУнун чарба иштеринин абалы жана кышка даярдыктар жөнүндө маалымат	Административдик-чарба иштери боюнча проректор	Маалымат, токтом долбоору
2	Аккредитациянын чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалымат	Окуу иштери боюнча проректор	Маалымат, токтом долбоору
3	Ар түрдүү маселелер		
3.1	ОКнын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана бекитүү жөнүндө	Окумуштуу катчы	Билдирүү, токтом долбоору
3.2	Академиялык жана клиникалык базаны жакшыртуу жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Маалымат, токтом долбоору
3.3	Программалык аккредитациядан өтүүгө даярдыктар жөнүндө	Медициналык факультеттин деканы	Маалымат, токтом долбоору
3.4	ЖАЭУнун жеке клиникасын лицензиялык талаптарга ылайык жабдуу жөнүндө	Ректор	Билдирүү, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Алгач, ар түрдүү

маселерде бар, Окумуштуулар кеңешинин курамын кайра бекитүү маселесин карайлы. Сөз окумуштуу катчыга берилет.

3.1. маселе боюнча окумуштуу катчы З.А.Асилова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! 2025-жылдын 30-сентябрындагы Окумуштуулар кеңешинин №2 протоколу менен 11 курамдан турган Окумуштуу кеңешинин курамы бекитилген. Октябрь айында жаңы жетекчилер жана кызматкерлер жумушка алынгандыгына байланыштуу бекитилген курамды толуктоо сунушталат: Жаны кошулган курамдын мүчөлөрү:

1. Ураимов Алмазбек Жанышевич – Окуу-маалыматтык бөлүмүнүн жетектөөчү адисинин ордуна Канетова Динара Эменовна – Окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы, ф.-м.и.к., доцент.

2. Темиров Немат Мойдунович – Клиникалык дисциплиналар кафедрасынын доценти, м.и.к., доцент.

3. Жээналиева Гулнара Маратовна – Жалал-Абад областтык клиникалык больницанын инфекциялык бөлүмүнүн башчысы, м.и.к.

Жалпысынан окумуштуулар кеңешинин курамы 13 кишиден турду.

Сөзгө чыккандар:

ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев: - Окумуштуулар кеңешинин жобосуна ылайык окумуштуу кеңешинин курамына жетекчилерди, окумуштууларды, иш берүүчүлөрдү жана бир студентти кошушубуз зарыл. Жогорудагы толуктоо маанилүү жана зарыл.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

13 кишиден турган Окумуштуулар кеңешинин толукталган курамы бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

1-маселе боюнча административдик чарба иштери боюнча проректор, Э.Ш.Торокулов сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү!

Бүгүнкү күнгө карата ЖАЭУнун чарба иштеринин абалы жана кышка даярдыктар жөнүндө маалымат берүүгө уруксат бериңиздер:

Бүгүнкү күнгө кышка даяпрдык жүруп жатат, кышкы жылуулук системасы усталарга көрсөтүлүп, буйруса 10 ноябрга чейин оңдоп түзөө иштери бүтүп калат. Аудиторияларга печкалар каралып жатат себеби, шаарда газ маселеси да электроэнергиясы да өтө оор болот деп айтылып жатат, ошондуктан көмүр менен жылытуу маселеси да айтылууда.

Ремонт иштери жасалды дагы да улантылып жатат. Учурда подвалда 002 лекциялык залы уюштурулуп экран коюлган сон, артта отурган балдарга көрүнбөй калуу маселесин чечүү үчүн полу 3 этап менен көтөрүлүп жатканына байланыштуу кармалып калды. Негизи 70% иш аткарылып бүттү. Кудай буйруса 3 күндө бүтөт. 008 лекциялык залы да жабдылат жакынкы арада, 310 компьютердик класс жабдылуу алдында турат, эртенден баштап парта отургучтар келет. Ошондой эле окутуучулар каанасына 36 штук отургучтар келет. Биринчи этаждын декору даярдалууда, ошондой эле китепканага китептерди сактоого шкафтар даярдалууда. Жакынкы арада 14 мектеп менен спортзалды кышкы мезгилде колдонуу боюнча сүйлөшүүлөр жүргузүлөт.

Сөзгө чыккандар:

ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Нарбаев М.Р.: Административдик чарба иштери боюнча быйыл көп иштер жасалды Эльдияр Шаршенович өзү башында турду, ремонт иштери көп аткарылды, подвалда чоң лекциялык зал кошулду, жана аяктоонун алдында турат.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

Административдик чарба иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын. Кышка карата даярдыктар күчөтүлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Аккредитациянын чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалымат берүүгө уруксат бериңиздер.

Эл аралык аккредитациянын жыйынтыктары боюнча жүргүзүлгөн иштер боюнча токтолойун:

Бардык стандарттар боюнча жалпы 8 стандарт каралган.

Аткарылган пункттар: +

Аткарылбаган пункттар: -

Жыйынтык: Көпчүлүк пункттар толугу менен аткарылды, айрымдары 2026-жылдын январь айына чейин аткарылмакчы.

Стандарт 1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты боюнча.

Миссия так иштелип чыгып, университеттин өзгөчөлүгүн чагылдырат. (+)

Ички сапатты камсыздоо системасы боюнча сертификация процесси болду ! Иш кагаздары кайта каралып чыгууда (16). (+) 1.12.2026-ж.

Стандарт 2. Билим берүү программасы

Окуу планы кайра каралып, дисциплиналар, кредиттери такталды (+). Мөөнөтү 1.09.2025

Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын окуу процессине киргизүү боюнча план иштелди. (+) Мөөнөтү 1.03.2025-ж болчу.

Стандарт 3. Студентке багытталган окутуу

Студенттерден пикир чогултуу системасы киргизилүүдө. (+/-)

Тилдик тоскоолдукту жоюу үчүн тилдик ийримдер уюштурулду. (+)

Talking Club? Кырг., орус тил кружоктору уюштурулду. Мөөнөтү 1.03.2025

Стандарт 5. Профессордук-окутуучулук курам

Клиникалык жана фундаменталдык дисциплиналар боюнча ППС саны көбөйтүлдү. (+) Учурда октуучулардын саны 44 жалпы, 32 штатта, ал 72% түзөт окумуштуу даражалуулар 15, ал 34% түзөт. Мөөнөт 2 жыл ичинде.

Инновациялык окутуу ыкмалары боюнча семинарлар өткөрүлүүдө. (+)

Стандарт 6. Материалдык-техникалык база

Клиника жана лабораториялардын жабдуулары толукталууда. (+/-). Мөөнөт 1.03.2025

Реактивдер, микроскоптор жана электробайланыш пункттары боюнча иштер уланууда. (+/-)

Стандарт 7. Илимий-методикалык иштер

ППСтин илимий активдүүлүгүн стимулдаштыруу чаралары иштелип чыкты. (+/-)

(Кесипөй окутуучу, илимий даражалу сырткы айкалыштыруучуларга) 1.03.2025.

Жогорку импакт-факторлору бар журналдардагы макалалардын саны өсүүдө. (+/-)

Стандарт 8. Финансылык ресурстар

Коллективдик келишим иштелип чыгып, бекитилди. (+)

Документтайлануу боюнча жобо иштелип чыкты. (+), графигин иштелип чыгуусуна тапшырма берилди 1.09.2025-ж.

3-, 6- жана 8-стандарттар боюнча белгиленген иштердин басымдуу бөлүгү аткарылган, бирок бир катар пункттар боюнча иш улантылууда. Жооптуу кызматкерлерге белгиленген мөөнөттөрдө коюлган тапшырмалар толук аткарылсын.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Окуу иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын.
2. Жооптуу кызматкерлерге коюлган тапшырмалар берилген мөөнөттөрдө аткарылсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

3. **Ар түрдүү маселелер**

3.2-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: Академиялык жана клиникалык базаны жакшыртуу жөнүндө маалымат берсем.

Студенттердин саны көбөйгөнүнө байланыштуу клиникалык базаны жакшыртуубуз зарыл, ошол максатта эки иш чара аткарылууда .

Биринчиден детский больницада айдитория ларды түзүү максатында бугун биз больницага барып жетекчилиги менен сүйлөшүп келдик. Алар бизге коридордун бир канатындагы аудитория ларды берүүгө даяр экенин айтышты, ал эми бизден симуляциялык кабинетти түзүп берүүну сурашты.

Мындан башка дагы варианттарыбыз болуп жатат, макулдашуу иштери калган.

Экинчиден Медициналык факультеттин илимий-эксперименталдык базасын күчөтүү максатында, Морфологиялык дисциплиналар кафедрасынынын алдында виварий ачууну жана анын жетексинин дайындап жобосун, лабораториялык жаныбарларды кармоо боюнча көрсөтмө сунуш иштеп чыгуу тапшырмасы берилсин.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. Поталогиялык анатомия жана паталогиялык физиология лабораторияларды жакшыртуу Марфологиялык дисциплиналар кафедрасына жүктөлсүн.
2. Клиникалык базалардагы кабинеттерди ачуу үчүн сметалар иштелип чыксын.

3.3-маселе боюнча медициналык факультеттин деканы Ш.М.Астанов сүйлөдү:

НААР аккредитациялык агенттикке почта аркылуу кат жөнөтүлдү. Агенттик катты алып, кол коюлган мөөнөттөн баштап иш процесси жүргүзүлүп баштайт.

560001

«Дарылоо иши» (чет өлкөлүк студенттер үчүн) билим берүү программасын НААР билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттигинен

өткөрүлүүчү Эл аралык аккредитацияга даярдоо максатында, өзүн-өзү баалоо отчетун даярдоо боюнча жумушчу топтун курамын бекитип берүүнүздү суранам.

Жумушчу топтун курамы:

№	Стандарттын аталышы	Жооптуулар
1	СТАНДАРТ 1. Миссия жана акыркы натыйжа	Садырова Н.А., Калмуратова А.О., Арзыкулова А.Б.
2	СТАНДАРТ 2. Билим берүү программасы	Астанов Ш.М., Эрматова М.К, Жунусов Д.Н.
3	СТАНДАРТ 3. Студенттердин баалоосу	Канетова Д.Э., Атабеков Т.Ш., Мурзабаева М.
4	СТАНДАРТ 4. Студенттер	Тажибаева А.Т, Акрамжанов А.Т, Таалайбек к Аида
5	СТАНДАРТ 5. Академиялык кадрлар	Ураимов А.Ж, Сыдыкова Б.Ж., Маккамбай кызы Айпери
6	СТАНДАРТ 6. Билим берүү ресурстары	Торокулов Э.Ш, Жоробаев Ф, Сабыркул кызы Нуржамал.
7	СТАНДАРТ 7. Билим берүү программасын баалоо	Калмуратова А.О., Ураимов А.Ж. Жунейт Хамид
8	СТАНДАРТ 8. Башкаруу жана администрлөө	Темиров Н.М., Аккулуева Н.Т, Тагаева М.А.
9	СТАНДАРТ 9. Туруктуу өнүгүү	Чаулагейн Дипак, Асилова З.А., Садыков А.А.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. 560001 Дарылоо иши (5 жыл) программасын эл аралык аккредитациялык агенттиктен өткөрүү үчүн түзүлгөн жумушчу топтун курамы бекитилсин.
2. Аккредитациялык агенттикке төлөнүүчү төлөмдөргө акча каражаты бөлүнсүн.
3. Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Камкордук кеңешине жана Негиздөөчүлөр кеңешине кароого сунушталсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3.4. ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Нарбаев М.Р.: - “ Урматтуу кесиптештер баарыңыздарга маалым болгондой жеке клинкабыз ачылууда, оборудованиеге заказ берилди, бир айдын ичинде документтер лицензияга тапшырылат.

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. ЖАЭУнун жеке клиникасын лицензиялык талаптарга ылайык жабдуу үчүн медициналык жабдыктарды жана каражаттарды, ошондой эле эмеректерди, оргтехникаларды сатып алууга жана клиниканын имаратынын ички оңдоп түзөө иштерине университеттин эсебинен университетке кийин кайра кайтаруу шарты менен акча каражаты бөлүнсүн.

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Камкордук кеңешине жана Негиздөөчүлөр кеңешине кароого сунуштасын.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. Административдик чарба иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын. Кышка карата даярдыктар күчөтүлсүн.
2. а) Окуу иштери боюнча проректордун маалыматы эске алынсын.

б) Жооптуу кызматкерлерге коюлган тапшырмалар берилген мөөнөттөрдө аткарылсын.

3. Ар түрдүү маселелер.

3.1. 13 кишиден турган Окумуштуулар кеңешинин толукталган курамы бекитилсин.

3.2. а) Поталогиялык анатомия жана паталогиялык физиология лабораторияларды жакшыртуу Марфологиялык дисциплиналар кафедрасына жүктөлсүн.

б) Клиникалык базалардагы кабинеттерди ачуу үчүн сметалар иштелип чыксын.

3.3. а) 560001 Дарылоо иши (5 жыл) программасын эл аралык аккредитациялык агенттиктен өткөрүү үчүн түзүлгөн жумушчу топтун курамы бекитилсин.

б) Аккредитациялык агенттикке төлөнүүчү төлөмдөргө акча каражаты бөлүнсүн.

в) Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Камкордук кеңешине жана Негиздөөчүлөр кеңешине кароого сунуштасын.

3.4. а) ЖАЭУнун жеке клиникасын лицензиялык талаптарга ылайык жабдуу үчүн медициналык жабдыктарды жана каражаттарды, ошондой эле эмеректерди, оргтехникаларды сатып алууга жана клиниканын имаратынын ички оңдоп түзөө иштерине университеттин эсебинен университетке кийин кайра кайтаруу шарты менен акча каражаты бөлүнсүн.

б) Бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун Камкордук кеңешине жана Негиздөөчүлөр кеңешине кароого сунуштасын.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.